УДК: 821.512.154

Асаналиева К.А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АСАНБЕК СТАМОВ – АДАМ ДРАМАСЫНЫН ЖАЗУУЧУСУ

*Макалада Асанбек Стамовдун чыгармаларында адамдын кулк-мүнөзү, психологиясы, ички динамизминин чыңалуусу изилдөөгө алынат. Автордун «Жүрөктөгү жалын», «Чүй баяны», «Нөшөрдөн кийин», «Кеч күздө» аттуу повесттери тууралуу сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *жаңычылдык, ички динамика, өнүгүү, өзөктүү маселелер, салт, чыгармачылык калыптануу, сюжет, көркөм конфликт жана көркөм мүнөз, психологизм, традициялуулук, сын пикирлер, композиция.*

*В данной статье исследуется черта характера, психология, напряжения внутреннего динамизма человека в произведениях А.Стамова. В статье будут анализироваться повести автора «Жщрёктёгщ жалын», «Чуйские повести», «После ливня», «Поздней осенью».*

***Ключевые слова:*** *новаторство, внутренняя динамика, развитие, ключевые вопросы, традиция, сюжет, художественный конфликт, художественный образ, психологизм, композиция..*

*This article analyses the character, psychology, intense of inner dynamism of the person in the stories by A.Stamova. The article will analyze the stories of the author "Heart flame', "Chu stories", "After a rain", "The late autumm".*

***Key words****: noveltri, internal dynamics, development, key problems, tradition, creative formation, piot, creative conflict and creative character, psychologize, traditionalism, criticism, composition.*

Канчалык биз улут адабиятынын профессионалдуу кыртышын Октябрдан кийинки мезгилге алып келип такабайлык, ал чыныгы «профессионалдуу өңүн» 60-жылдары гана ача алды. Ушул жылдардын тутумунда улут адабияты өзүнүн «кайра жаралуу дооруна» тутунду. Кыргыз жазуучулары адабияттын түбөлүктүү темасы болгон Адамдын өзүнө кайрыла баштады. Албетте, улут адабиятынын мындай «орчундуу бурулушуна» түздөн-түз Чыңгыз Айтматовдун, Түгөлбай Сыдыкбековдун, Бексултан Жакиевдин, Төлөгөн Касымбековдун, Кубатбек Жусубалиевдин, Мурза Гапаровдун, Мар Байжиевдин, Асанбек Стамовдун чыгармачылыгы таасир этти. Бул ысымдардын ар бир өзүнчө чоң сөз кылууга арзыйт, биз ушул тутумдан бир гана жазуучу Асанбек Стамов жөнүндө сөз кылсак.

Алтымышынчы жылдарда адабиятыбызга келген чоң толкундун өкүлү, таланттуу жазуучу Асанбек Стамов «Таанышуу» аңгемеси жалпы журтчулугубуздун назарын өзүнө тарта алды.

Ырас, ал бул мезгилдин ичинде чыгармачылык изденүүнүн машакаттуу жолун басып, бир нече повесттер менен аңгемелерди тартуулаган. Жазуучунун эмгектери чыгармачылык жылдары окурмандар арасында «бестселлерге» айланды. Себеби жазуучу өзүнүн повесть-романдарында замандаштарын, 60-жылдардагы кыргыз интеллигенциясынын, деги эле адамдардын турмушун, алардын махабаты менен арманын, сүйүү менен кубанычын, жашоосу менен драмасын жаза баштады. Асанбек Стамов−адам драмасынын жазуучусу, анын стихиясы да адамдын кулк-мүнөзүн, психологиясын, ички динамизминин чыңалуусун изилдөөдө жатат. Ушул жагынан алып караганда, автордун «Жүрөктөгү жалын», «Чүй баяны», «Нөшөрдөн кийин», «Кеч күздө», «Кандан бүткөн, жандан бүткөн үч мээрим» аттуу повесттерин алсак болот. Чыныгы искусство чыгармасында кандай гана турмуштук картина чагылбасын, андагы драма дайыма курч мүнөздө алдыга коюлушу керек.

Жогоруда айтып кеткен чыгармалар электен эбак өтүп, кыргыз адабиятынын өнүгүүшүнүн белгилүү этабындагы көзгө толор көрүнүш катары бааны алып отурушат. Мынчалык ийгиликтин сыры эмнеде? Албетте, тема да эски, көрүнүш да эски, бирок андагы драма жаңы. Адам жаңы. Демек, турмуш жаңы, проблема жаңы.

Алтымышынчы жылдары турмушубузга урбанизациянын аста-аста кирип келе жаткандыгында эмес, энөө элибиздин улуттук аң-сезимин, тагыраак айтканда, улуттук

менталитетибизге ойлоонун да, жашоонун да, турмуш стилинин да башкача таасири тие баштаганында эле. Ушул социалдык көрүнүштү, провинциализм менен шаар «бытынын» каралышына, ойлоо менен ой жүгүртүүнүн келишпөөчүлүгүн, нравалык өзгөрүү симптомдорун Асанбек Стамов кыргыз жазуучуларынын ичинен алгачкылардан болуп өз калеми аркылуу «көрө баштады».

Көркөм адабият ошол адам өмүрүнүн чексиз ар кыл дүйнөсүн ачуунун өнөрү болгондуктан, чебер жазуучунун гана ал өнөөдү өздөштүрүүгө кудурети жетиши мүмкүн. Адамдардын ички жан дүйнөсүнүн белгисиз катмарларын көркөм изилдөөгө алда канча жөндөмдүү экендигин биз А. Стамовдун «Чүй баяны», «Нөшөрдөн кийин» повесттеринен байкасак болот. Бул аталган эки повесть жазуучунун баамчыл, сезгичтик касиеттеринин мурдагыдан да тереңдигин ачык эле демонстрациялап койду. Бул повесттерди бир эле чыгарманын эки бөлүгү катары кароого толук негиз бар.

«Чүй баяны» повестинде автор жаш каармандын турмушка жана искусствого карата болгон мамилесинин калыптаныш процесстерин сүрөттөйт. Дыйканбек - автордун баяндоосунда турмуштун ар түрдүү жактарын али түшүнө элек, турмушка жаңы гана киришип жаткан жаш адам. Чыгармачылык эргүүсүн дүүлүктүрүп, фантазиясына дем берген татынакай сулуу Аруукеден ажыраганда, Дыйканбектин сүрөтчүлүк шыгы аз убакта жалп деп өчүп, аз аз жерден турмуштун сыноосуна жеңдирип жибере жаздады. Бирок ошондой сыноолордон өтүп жатканда да, Дыйканбек адамгерчилик асыл сапаттарынан кыйшайган жок, тескерисинче акыйкаттык, ак ниет, боорукер бойдон кала берди.

«Нөшөрдөн кийин» повестинде Дыйканбектин бул сапаттары андан ары турмуштук жаңы кырдаалга байланыштуу ар тараптан тереңдетилет. Бул чыгарма нукура искусство менен жалган искусствонун ортосундагы күрөштү баяндайт. Булардын биринчиси − Дыйканбек, экинчиси – Аргын. Дыйканбек өзүнүн ишине, кесибине бийик накта искусствонун позициясында туруп мамиле жасайт. Мына ошондуктан ал өзүнүн ар бир чыгармасын ийине жеткире иштөөгө аракеттенет. Ал эми Аргын үчүн искусство бул−жеке турмуш-тиричилик, комфорт куруунун каражаты. Искусствого карата болгон ушундай эки башка мамиленин логикасы Дыйканбек менен Аргынды акыры бир алып келип кырдаалга, болгондо да келишпес кырдаалга такады. Өзү нукура искусствонун чыгармасын жарата албаган, бирок ар кандай интрига, ыплас иштерге жедеп бышкан эргулдар болот. Алардын бири −Аргын. Дал ошолордун кесепетинен жеке турмушунда көп жоготууларга учураса да, мөгдүрөбөгөн, искусство үчүн кайра жаңы күч, жаңы шык менен иштеген адамдар болот. Алардын бири – Дыйканбек. «Нөшөрдөн кийин» повестинин идеялык көркөмдүк системасы дал ушул идеяны ишке ашырууга багытталган.

«Нөшөрдөн кийин» повестинде Дыйканбек окурмандарга башка адамдардын арасында, кыйла интеллектуалдуу чөйрөдө көрүнөт. Албетте, мында сүрөттөлгөн турмуш башка, шарт башка. Бирок бийик адамгерчиликти сактоо, ууз махабатты кадырлоо аталган повесттин каармандарынын да башка ориентири болуп кала берет.

А.Стамов «Чүй баяны» повестинде жаш адамдын ички дүйөсүн анын рухий жактан калыптанып жетилүүсүн, мүнөз психикасын, жүрөк сырларын канчалык даражада чечмеленип жана окурмандарга таасири кандай деген маселени кенен-кесири баамдап, таанышуу үчүн бул чыгарманын каармандарынын бүткүл дасмиясын аңтарып көрүүнү максатка ылайык көрдүк. Чыгармада жаш адамдын жан-дүйнөсү, мүнөз психикасынын табиятын, рухий деңгээлин жана байлыгынын кыймыл багытынын өзгөрүүсүн жана болгон аракетин, мүдөөлөрүн, умтулуу менен чөгүүсүн, сүйүүгө болгон мамилесин баяндайлы. «Чүй дастаны» повестиндеги башкы кейипкер Дыйканбек - сүрөт академиясын жаңы аяктаган художник, кийин мектепте мугалим, акырында кайра сүрөтчү. Деги эле А.Стамов кейипкерлердин басып өткөн турмуш жолун узун сөзө берилип ийне-жибине чейин териштирип жомоктоп отурбастан, алардын иш аракетине ишенимдүү болуш үчүн

мүнөздүн өзгөрүү менен өнүгүүсүн лаконизмдүү манерада бере алат. А.Стамовдун Дыйканбеги бүгүнкү учурдагы жаш адамдын дүйнөсүн, ой-жоруу аракеттерин, кээде жеңилип, кээде жеңип кейиштүү тагдырга дуушар болгон, бирок өз идеясынан, багытынан жазбаган каарман экендигине ишенебиз. Чыгармада Дыйканбектен башка, Шорук карыя, Арууке, Айна, Балтабай, Соно жана Кадырлардын образдары бир топ таасирлүү иштелген. Алардын кээ бирлери эпизоддордо гана көрүнсө да, туруктуу жактары камтылып, мүнөз-кылыктарга, сезимдерге ээ. Арийне, повестте бири-бирине карама-каршы аракеттенген күчтөр, алардын кагылышуулары, башкача айтканда, конфликттер деле жок. Ошентсе да адамдын турмуштагы орду, издеген идеялары аны менен болгон байланышы адамдык нукура кудурет, гумандуулук, чынчылдык, ак ниеттүүлүк, таза абийир тууросындагы проблемалар ийгиликтүү чечилет. Жазуучу каармандардын ички дүйнөсүнө чалгын жасап, жүрөк сырларынын түпкү себептерин аңтарууга аракеттенген жазуучу катары мамиле кылган.

Ал эми жазуучунун «Кеч күздө» повестине кайрылсак. Бул повесть автордун чыгармачылык өнөрканасында кескин сапаттык секирик болуп саналат. Жазуучу кыргыз совет адабиятында аз иштелген темага – окумуштуулардын турмушуна кайрылат. Автор бардык идеясын башкы каарманы Акылбек аркылуу айтып көрсөтөт. Демек, образдын өтө динамикалык эволюциясындагы кичине эле деталь же штрихтин жасалмалуулугу чыгарманын бүткүл тулкусуна доо кетирмек. Бирок художниктин чебер кистиси боектун табигый өңүн бузбайт. Барыдан мурда, окуя, конфликт, мүнөздөрдүн типтүүлүүгү турмуштук фактылардын өнүгүү логикасын өз эркине коет, автордук субьективдүүлүк далдаада турат. Жакшы сүрөткер турмуштук көрүнүштүн ички маңызын анын өзүндөгүдөн да даанараак кылып биздин көзүбүзгө көрсөтөт. Бул учурда гана окурман «мына чыныгы турмуш» деп чыгармага ыраазы болот. «Кеч күздө» повести актуалдуу турмуштук проблемаларды козгоп, көркөм, элпек тили, өзгөчө так стили менен жагымдуу сөз алып келди.

Бул повесттин башкы каарманы Акылбек – бүгүнкү күндөгү кадимки эле кыргыз жаштарынын типтүү өкүлү. Повестте ошол Акылбектин ички жана сырткы дүйнөсү, адамдын табияты, ой максаты турмушу сүрөттөлөт. Ал көпчүлүк башка чыгармадагы оң каармандардай эле чындык, гумандуулук, ак ниеттүүлүк үчүн өзүнүн турмуштагы орду үчүн күрөшөт. Жыйынтыктап айканда, Акылбектин дүйнөсү − күрөш. Анын бул линиясында жаштык жаңылыктар, ийгиликтер да бар. Эми анын ошол күрөшүнүн алгылыктуулугу, канчалык ал автор тарабынан кандай деңгээлде ченелген, иш жузүндө кандай ашырылган жана бул каарман окуучулардын ой-сезиминде кандай жаъы таасирлерди калтырды деген талапты коюп, ушул багытта сөз алып баруу үчүн Акылбектин образы менен кенен-кесири таанышып чыгуу, анын бардык жан-дүйнөсүнүн картасын ачып, дасмиясын алып чечмелөөгө туура келет. Ал өзү жашап турган коомдогу терс көрүнүштөргө, адамдардын табиятында алдамчылык, арам тамактык, жүзү каралык, адилетсиздик, кошоматчылык, туруксуздук сыяктуу зыяндуу сапаттарга чыдабайт. Анын күрөшү мына ушулар менен болот.

Ал эми А.Стамовдун «Жүрөктөгү жалын» повести дагы жарыкка чыгар замат көпчүлүктүн көңүлүн буруп, авторуна алкыш алып келди. Себеби, бул повесть – притча, бул повесть – ой толгоо, бул повесть –романтика деп айтсак, жаңылышпайт элек. Чыгармада жазуучу Маралдын сулуулугун атайлап идеализациялайт. Бирок бул романтикалык образ - ички реалисттик дүйнөсүндө чектелген, карапайым баео зат. Марал тагдырдын кандай гана соккусуна учурабайт: ачкачылыктан, келте оорусунан ата-энеси өлдү. Бой тартканда алаамат согуш чыкты. Мына жүрөктү мыкчыган драма. Повесттин мазмунундагы идея: бардык учурда адилеттик жеңет, сулуулук жеңет. Жазуучу эки каарманга өзгөчө акцент жасайт, бири−Марал, экинчиси – Касеин. Маралды көп учурда өзүнүн сулуулугу өзүнүн душманы катары иренжитти. Анын сулуулугу үчүн таш боор

тагдыр андан көп өч алат, бир жээктен экинчи жээкке шилеп отурат. Бирок анын жолундагы бакыт күндөрдүн биринде жарк этти. Касеинге жолукту. Эми сүйүү келди. Чыгармада сүйүүнүн эки гана моментине көңүл бурулат: бири‒табышуу, бири – ажырашуу. Бул эки моменттин убакыт жана мейкиндик боюнча байланышындагы махабат баянына жазуучу окурманды жолуктурбайт. Сүйүүдөгү табышуу – бакыт жана кубаныч, ажырашуу – трагедия жана кайгы. Жашоо – өмүр жана өлүм. Повесть Марал менен Касеин аркылуу дал ушул философияны айткысы келет.

Дагы бир жолу айтсак, бул повесть ‒ махабат эмес, жашоого күрөш жөнүндөгү баян. Жаңы менен эскинин карама-каршылыгындагы конфликт повесттин сюжеттик өзөгүн түзөт. Жазуучу турмушту сүрөттөп көрсөтүп тим болбойт, аны изилдеп да отурат. Ушунусу менен чыгарма бизге кызык.

Ар кандай адамдардын ар башка турмуш тиричилиги, ар башка тагдырлары, ар башка мүнөздөрү кездешет. Ошону менен бирге алар бири-биринен окчун туруп, өз алдынча күн көрүп бири-биринен байланышсыз бөлүнүп калган индивидуумдар да эмес. Адамдардын өзүнчөлүгү менен кошо жалпылыгы да бар. Жалпылыгы таптык, социалдык, коомдук кырдаал, чөйрө менен шартталган. Ошого карабастан, ар кимде бири-бирине окшобогон өзгөчөлүктөр да жетиштүү түрдө кездешет. Ошон үчүн адамдын өмүрү ‒ түпсүз, чексиз татаал көрүнүш.

Нравалык философиялык маанидеги маселелерди көтөрүү жана чечмелөө жагынан азыркы повесть жанрындагы изилденүүлөргө А.Стамовдун жеке аракеттери өзүнчө боек кошо, аларды табигый толуктап турууга жарамдуу. Ырасында, анын «Кандан бүткөн, жандан бүткөн үч мээрим» аттуу повесть-легендасы автордун сапаттык жаңылануулардын кийинкисинен кабар берет.

А.Стамов фольклордук эстетикалык салттарына аң-сезимдүүлүк жана чыгармачылык мамилелерин жасай аларын дал ушул повести менен айныксыз далилдеди. Бөрүбай менен жылан кызы Арзыгүлдүн ортосундагы мамиле, сүйүүнүн, Бакалбай куучунун элдик ишенимдеги турпатын баяндаган легендалык, мифтик окуяны жана каармандарды кокустан тандап албайт. Анткени Бөрүбай, Арзыгүл, Бакалбай бул тек гана жеке адамдык мүнөзгө, касиетке ээ каармандардын деңгээлине турбайт Тескерисинче, жазуучунун мүлдө адамзат табиятын, мүнөзүнүн карама-каршылыктуулугу, артыкчылыгы менен кемчилиги жөнүндөгү ой-толгоолорун топтоштурган жалпыланган образдар маанисине дейре өсүп жатат. Адам рухунун бийиктигин жана анын табиятынын карама-карышлыгын каймана да, ачык да туюнткан, бул повесттин поэтикалуулугун жана лиризмин учурдагы прозабыздын маанилүү кубулуштары менен тутумдаш турганын атайын белгилемекчибиз.

А.Стамов өз жазуучулук традициясы менен буга чейин традициялуу көбүнесе идеологиялык нукка ориентир алган адабиятка традициялуу эмес көз карашты киргизүүгө далалаттарды жасады. Жазуучу жан дүйнөнүн ырчысы деген кеп Асанбек Стамовго көбүрөөк таандык. Ал ‒ ириде жан дүйнөнүн жазуучу.

**Адабияттар:**

1. Ибраимов О. Адабий классиканын азыркы өмүрү. -Фрунзе, 1982.
2. Ибраимов К. Мифологиялык архаика жаъы азыркы адабияттагы «Адам-табият» концепциясы. -Фрунзе, 1991.
3. Кадырмамбетова А. Кыргыз повесттериндеги подтекст проблемасы. (50-60-жылдар). -Бишкек, 1999.
4. Карымшаков С. Көркөм образдын табияты. -Фрунзе: Кыргызстан, 1977.
5. Карымшаков С. Азыркы кыргыз адабиятындагы социалдык проблемалар. -Фрунзе: Кыргызстан, 1983.